КЫРГЫЗ БАНКЫ

Кыргыз Республикасы, Бишкек ш, Чүй проспекти, 168
E-mail: mail@nbkr.kg
www.nbkr.kg

**Пресс-релиз**

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептик ченди 13,00 пайыз деңгээлинде сактаган

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы 2023-жылдын 31-июлунда эсептик ченди (негизги ченди) 13,00 пайыз деңгээлинде сактоо чечимин кабыл алган. Чечим 2023-жылдын 1-августунан тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын экономикасынын өнүгүү келечеги мурдагыдай эле айрыкча региондордо өзгөрмөлүү бойдон калган тышкы шарттардын таасири астында калуусу уланууда, глобалдык инфляциянын жогорку маанилерде сакталып турушуна жана дүйнөлүк финансы рынокторунда белгисиздик жагдайынын үстөмдүк кылышына байланыштуу кыска мөөнөттүү мезгилде экономикалык жагдайдын жакшыруусу кыйла консервативдүү күтүүлөр менен мүнөздөлөт.

2023-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын экономикасы 3,9 пайызга өсүштү көрсөткөн, мында көбүрөөк салым кызмат көрсөтүү сектору тарабынан камсыз кылынган. Экономикалык жигердүүлүк да ички суроо-талаптын кеңейиши менен колдоого алынган.

Дүйнөлүк азык-түлүк рынокторундагы баалардын төмөндөө динамикасы ички баалардын динамикасына таасирин тийгизген. 2023-жылдын июль айында (21ине карата абал боюнча) инфляция жылдык мааниде 10,3 пайызды түзгөн, мында анын түзүмүндө азык-түлүк товарларына баанын өсүшү 2022-жылдын декабрындагы 15,8 пайыз деңгээлинен жылдык мааниде 6,9 пайызга чейин төмөндөгөн. Өлкөдө жалпы баа деңгээлинин кыйла жай төмөндөшүн бир катар административдик баалардын (тарифтердин) жогорулашы жана ички суроо-талаптын туруктуу кеңейиши шарттаган. Мында акча-кредит саясаты жагында буга чейин кабыл алынган чаралардын топтолгон таасири инфляция боюнча потенциалдуу тобокелдиктерди жеңилдетүүгө өбөлгө түзөт.

Жүргүзүлүп жаткан монетардык саясат курсу мурдагыдай эле орто мөөнөттүү мезгилде инфляция деңгээлин 5-7 пайызга чейин төмөндөтүүгө багытталган. Жалпысынан инфляциянын күндөлүк динамикасын баалоо Улуттук банктын күтүүлөрүнүн алкагында калат, мында өлкө экономикасында инфляцияга түрткү берген факторлордун сакталып турушу монетардык жана бюджет-салык саясатын андан ары ишке ашырууда макулдашылган кадамдарды талап кылат.

Учурда орун алып турган шарттарга көңүл буруу менен Улуттук банк эсептик чендин өлчөмүн 13,00 пайыз деңгээлинде сактоо чечимин кабыл алган. Кандайдыр бир тобокелдик орун алган шартта Улуттук банк жүргүзүлүп жаткан монетардык саясатына кошумча корректировкаларды киргизүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбайт.

Улуттук банк түптөлгөн жагдайга туруктуу негизде көз салып турат жана зарыл болгон учурда акча-кредит саясатынын баа туруктуулугун камсыз кылуу боюнча тиешелүү чараларын кабыл алат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү маселеси боюнча кийинки отуруму план блюнча 2023-жылдын 28-августунда өткөрүлөт.